Жунушова К.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## АРЫБАҢЫЗ, ЗАМАНДАШЫМ ҮСӨКЕ!

*Эмгектин кужурмөн талаасында,*
*Арыбай, талыкпай, мээнеттенген.*
*Дагы да күч берсем деп иштеп жүрөт,*
*Алп Кошой сыяктана билек түрө.*

Үсөке менен бир коллективде иштегендиктен, аз да болсо ар кимдин өз оюу болуш керек, менимче, бардыгы эле жакшы сөздөргө татыктуу.

Мен мектепте (Саруудa) 6-7-класста окуп жүргөн кезде биздин айылга элдин көзүн өзүнө бурган 3 студент жайкы эс алууга келгенде, ким гана учурашканы барганы жок. Ошондо биз биринчи жолу Чыңгыз Айтматов, Үсөнбек Асаналиев, Кубаткул Касымбеков агайларды көрүп, артынан чуркап карап, «студент» деген кандай болот деп таң калып, суктандык эле.

Кийин Үсөке Караколго келип, биз менен иштей баштагандан ар бир инсанга өзгөчө карап, бардыгын бирдей санап, изилдеп туруп, «Аалымдарга азил арноо» (Каракол, 2010) китебин жазып, 63 инсандын турпатын, мүнөзүн, акылын, ишин 2-3 куплет ырга чагылдырып берип, бүт коллективдин ишин элге айкындап койду.

Бир күнү телевизордо Үсөке сүйлөп, чет элдик корреспонденттерге интервью берип жатыптыр. Колуна комузун алып: «Ушул комуз энемден калган эстелик, ыр дагы, комузда ойноо дагы – энекемден калган менин мурасым», - деген болчу. Көрсө, Үсөке Венгрияга барып конокко барган үйүнө киргенде, телевизор көрүп жаткан энеси абдан кубанган экен.

Үсөке тамашаны дагы жакшы айтып, жакшы көтөрөт. Бир кезде анын эки машинасы бар болчу. Бири – иномарка, бири – биздин марка. Экинчи корпустун тепкичинде турсам, бутумдун жанына жумушчу машинасы токтоп, ичинен Үсөке чыкты.

- Эмне турасың, бутуңду тебелеп кете жаздадым? – деди. Мен болсо:

- Кандай алтын балык түшөр экен деп кайырмак салып турамын, - дедим.

- Түштүбү?

- Ооба, түштү, түшкөндө дагы Үсөке деген чоң алтын балык экен, - десем:

- Ал балык бардык суроону аткарат, бирок «самын» менен «сахар» дегенди сураба, аны мэрия талон менен берет, - дейт.

- Болуптур, - деп мен ага бир документ бердим, ага кол эле керек болуучу, Үсөке алды дагы бат эле бүтүрүп келди. Ошону менен экинчи торго түшпөс болоюн деди окшойт.

Кийинчерээк Үсөкенин «Жакшы сөз – жан азыгы» китеби чыккан. Китебинин чыгышы менен куттуктап, мен суроо берип калдым:

- Сиздин китепте «Бир ок менен эки коён атат» дейт экен, а сиздин бир ок менен үч коён атканыңыз, ал түгүл бардыгын бирдей атканыңыз кайсы макалга кирет? – десем:

- Баса десең, - деп күлгөн бойдон кетти.

Үсөкенин жини келгенде кандай болду экен дегенди билгиси келгендер эки бирдей эл башчылар качканы тууралуу «Ажыдаарлар алааматы» кыска поэмасын окугандар билесиздер. Ушунчалык каардуу, чагылгандай жазылган.

Үсөке ар бир жанга жылуу мамиле жасап, баарыбызга кол берип учурашат. Аял затына күлүңдөп, комплимент айтып, «Колуңуз өтө эле жылуу экен», - деп коет. Өзүнө «Сиздин колуңуз бир аз муздак экен» десең, «Жок, жүрөгүм жылуу», - дейт.

Ооба, бул кишинин жүрөгү жылуу, анткени андан дайыма жылуу сөздөр, жакшы тилектер, илимий ачылыштар оргуп чыгып турат. Ылайым эле дайыма жылуу жана сүйкүмдүү болуңуз, Үсөке!